DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 2, 2021

Уманова Н.Д.

АЛТЫГАНА ЖАПАЙЫ БАДАЛЫНЫН АР ТАРАПТУУ БОЛГОН КӨРҮНҮШТӨРҮН ТАЛДОО

Уманова Н.Д.

КОМПЛЕКСНЫЙ АНАЛИЗ НА ДИКОРАСТУЩЕГО КУСТАРНИКА КАРАГАНА

N.D. Umanova

COMPREHENSIVE ANALYSIS OF THE WILD SHRUB OF CARAGANA

УДК: 630/182.46:303.447.353(045)

Бул макалада алтыгана бадалынын ар бир көрсөтүлүп берилген пайдалуу жана терс көрүнүштөрүнө карата мүнөздөмө жүйөлөнүп берилди. Көп жылдык байкоолордун жана белгилүү окумуштулардын изилдөөсүнүн жыйынтыктарына таянып, алтыгана бадал өсүмдүгүнүн жалпы мүнөздөмөсү айтылган. Ар бир өсүмдүк маанилүү айырмачылык негиздерине ээ болгондуктан, алтыгана бадалына да болгон айырмачылыктары каралган. Бул бадалдын жайыт жерлерине тийгизген терс көрүнүштөрү кеңири берилгендиктен, алтыгананын мүмкүн болгон баардык пайдалуу көрүнүштөрүн дагы кароого көңүл бурулуп, салыштырылды. Ошону менен бирге жайыт аянттарына болгон жүктөм туура болбогондуктан, пайдасыз, желбеген, зыян келтире турган өсүмдүктөрдүн көбөйүүшүнө алып келүүсү камтылган.

***Негизги сөздөр**: алтыгана бадалы, тамыр системасы, тоют өсүмдүктөрү, эрозия, жайыт аянттары, деградация.*

В данной статье проведен анализ характеристик полезных и отрицательных свойств дикорастущего кустарника карагана. На основании многолетних наблюдений и исследований известных ученых была дана общая характеристика кустарника карагана. Поскольку каждое растение имеет важные отличительные свойства, были изучены различные особенности этого вида растения. Проанализированы все возможные полезные свойства кустарника карагана, так как в основном даны негативные влияния кустарника на пастбища. Также рассматривается, что бессистемный выпас снижает продуктивность пастбищ, и это может привести к росту бесполезных, несъедобных, вредных растений.

***Ключевые слова:** кустарник карагана, корневая система, кормовые растения, эрозия, пастбища, деградация.*

This article analyzes the characteristics of the beneficial and negative properties of the wild-growing caragan bush. On the basis of many years of observations and studies of famous scientists, a general characteristic of the caragan bush was given. Since each plant has important distinctive properties, various characteristics of this plant species have been studied. All possible useful properties of the caragan bush have been analyzed, since the negative effects of the bush on pastures are mainly given. It is also considered that haphazard grazing reduces the productivity of pastures, and this can lead to the growth of useless, inedible, harmful plants.

***Key words:** caragan shrub, root system, forage plants, erosion, pastures, degradation.*

Алтыгана – жалбырак түшүрүүчү бадал же анча чоң эмес бак-дарак түрлөрүнө кирет. Изилденип, тастыкталышы боюнча жаратылышта 90го жакын түрлөрү бар. Өсүмдүктүн бийиктиги 20 см ден 120 см ге чейин жетет. Байкоо жүргүзүү жана талдоо Суусамыр өрөөнүндөгү жайыт жерлерин каптап бара жаткан алтыгана бадалынын **Caragana aurantiaca** түрүнө келтирилди. Бул өсүмдүк суукка, кургакчылыкка чыдамдуу, жер шарттарына аз талаптуу, шаардын шартына дагы жакшы калыптанат. Көпкө суу жетпей, кургак өскөн жерде жалбырактарын таштап, куурап калгандай көрүнөт, бирок кийинки жылы бүрдөп калыбына келип, экинчи жылында үрөн бере алат [1]. Алтыгана жер тандабайт, арык, кумдуу жерлерде деле өсөт. Токойлордо, токой талааларда жана шаарларда бадалданып өсүшөт. Алтыгананын тамыр системасы терең орун алып, жыш, өтө күчтүү, бири бирине чиркелишип, чырмалышып тез ылдамдыкта өөрчүйт. Ошондуктан тез көбөйүп, өзү баардык шарттарга ылайыкташып өскөнүнө жараша жана сөңгөктөрү жоон, катуу болгондуктан, ошондой эле бийик болуп жайылып өскөндүктөн, көп аянтты элөөдө. Бул көрүнүш 1-сүрөттө көрсөтүлгөн.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

1-сүрөт. Алтыгана бадалынын жайылып өскөн көрүнүшү.

Алтыгана бадалын окумуштуу изилдөөчүлөрдүн ар кандай адабий булактарда келтирилген пайдалуу көрүнүштөрүн келтирсек, алтыгана түрлөрүн декоративдүү өсүмдүк катары жана жер кыртышын бекемдөө үчүн колдонууга өстүрүлөрү жана ошондой эле аңсакчылар эндемик катары Кызыл китепке киргизилген деп ишендирип, бадал коргоого алынган деген имиштер да айтылып келет [10]. Бул өсүмдүктүн көп түрлөрү бал өсүмдүктөрү болуп саналат деген маалыматтар менен, даарылык касиети бар деп, бал алуу үчүн балчылар да, бул бадалды коргоп келүүдө. Тоют катары колдонулабы дей турган болсок, жалбырактары таттуу болгондуктан эчки, койлор жакшы жейт деген далилдер бар. Бул бадалдан шыпыргы жасаганга болот экен жана отун катары колдонсо да болот деп эсептелет. Мурун кабыгын боек алууга колдонулчу деген маалыматтар дагы бар [9]. Эми ар бир келтирилген көрсөткүчтөргө тереңирээк токтоло кетсек: тосмо бадал катары алтыгана бадалын карай турган болсок, баардык шартка ылайыкташып өскөнүнө байланыштуу жана курч тикенектүү, бою 50-60 см (аймак шарттарына байланыштуу 100-120 см болушу мүмкүн) болгондуктан, ортосунан аралап өтүлбөй бир формада тосмо бадал катары пайдаланса болот деп, жана ошондой эле гүлдөгөн учурунда көрктүү да көрүнүшү мүмкүн деп белгилесек болот. Алтыгана бадалынын гүлдөгөн мезгилиндеги көрүнүшү төмөнкү 2-сүрөттө көрсөтүлгөн.

2-сүрөт. Алтыгана бадалынын гүлдөп турган учурунун көрүнүшү.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

Алтыгана бадалынын эң пайдалуу болуп эсептелген өзгөчөлүгү бул жер кыртышын, топуракты суу эрозиясына алдырбай бекем кармап, сактап турганы. Тамырлары терең кирип жана бири бирине чиркелишип, тор сымал кармалып жер кыртышын ар кандай өзгөчө кырдалдарда өз калыбында кармап жуулуп кетишине алып келбейт. Алтыгана бадалынын тамырларынын көрүнүшү 3-сүрөттө көрсөтүлгөн.



3-сүрөт. Алтыгана бадалынын тамырларынын көрүнүшү.

Ал эми Кызыл китепке киргени такталган эмес, ошондуктан сейрээк кездешүүчү бадал деген имиш четке кагылат. Тоют катары бир гана кой-эчкилер үчүн колдонууга мүмкүн эмес, анткени алтыгана бадалынын элеген аянты жайыт жерлеринде бир топ аянтты ээлеп келүүдө. Ошондой эле тоют катары алтыгана бадалы толугу менен колдонулбайт, анткени кой-эчкилер жалбырактарын эле жеши мүмкүн, ал эми тикендүү бутактары бадалданган бойдон кала берет. Жана дагы кой-эчки бадалдарды аралаганда 0,5-1,5 кг жүнү тикенектүү бутактарында жабышып жоготууга алып келет. Ошондуктан жайылып өскөн бул бадалды коргош керекпи деген суроо туулат. Ал эми шыпыргы катары азыркы учурда көп деле эл колдонбосо керек, анткени азыркы учурда шыпыргынын түрү соода түйүндөрүндө кеңири сатылат, ошондой эле тикенектүү болгондуктан шыпыргы жасаганга тоскоолдук жаратат. Отун катары жайыт жергесинде жашаган тургундар кана пайдаланышпаса, аны отун катары жергилүктүү калкты камсыздандырып ташуу оорчулукту алып келет, анткени аны транспортко жүктөш үчүн механикалык жаракаттарды алышат жана материалдык жактан пайдалуу эмес.

Ал эми терс көрүнүштөрү, жогорудагы айтылган бадалдын өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу тоют, баалу жайыт чөп өсүмдүктөрүн сүрүп чыгарып жайыт аянттарын кыскартууда. Жайыт аянттарын кыскартып, сүрүп чыгарып каптаган көрүнүшү 4-сүрөттө көрсөтүлгөн.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

4-сүрөт. Алтыгана бадалынын жайыт аянттарында өскөн көрүнүшү.

Алтыгана бадалы абдан курч тикендүү болгондуктан жан-жаныбар аралап өтүүгө тоскоолдук жаратат, тоют катары да колдонулбайт. Тикенектери мал жандыктардын денесин, ооз көңдөйлөрүн сайып, тытып оор жаракатка айланып эктима оорусуна алып келет. Алтыгана бадалынын курч тикендеринин көрүнүштөрү 5-сүрөттө көрсөтүлөт.

5-сүрөт. Алтыгана бадалынын курч тикендеринин көрүнүшү.

Дагы бир терс жагы, көптөгөн зыяндуу курт-кумурскаладын топтолуучу жайы болуп эсептелет. Жана ошондой эле баалу, пайдалуу тоют чөп өсүмдүктөрүнүнүн нымдуулугун, күндүн нурун жана азык заттарын тартып алып өзүнүн көбөйүшүнө шарт түзүү жөндөмдүлүгүнө ээ.

Жогоруда талданган алтыгана бадалынын пайдалуу жана терс көрүнүштөрүнө жыйынтык кыла кетсек, жер кыртышын бекемдеп турган пайдалуу көрүнүшүн колдоп тоо боорундагы жана этектериндеги бадалдарды калтыруу керек деп жыйынтык чыгарсак болот. Ал эми калган пайдалуу жактары маанилүү болбогондуктан алтыгана бадалын коргоонун, көбөйтүүнүн кажети жок. Баардык айтылган алтыгана бада-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

лынын терс көрүнүштөрү жайыт аянттарынын кыскарылышына алып келип көп көйгөйлөрдү жаратат. Анткени жайыттар агрардык сектордо гана эмес, жалпы эле экономикада да маанилүү ролду ойнойт. Баш аламан малды жайуу өсүмдүктөрдүн тамыр системасын өзгөртүп, тамырлар үстүңкү катмарга тартылып жана жердин үстүнкү катмарында орун алууда, тамырлардын жердин тереңирээк горизонтунан нымдуулукту алуу мүмкүнчүлүгүн азайтат, өлчөмүнүн жана орун алуусунун өзгөрүүсү системалык зыян келтирүүдө, ассимиляция заттары жана запас заттары тамыр системасынын өсүшүнө сарпталбай, жаңы көчөттөрүнүн өсүүшүнө тоскоолчулук жаратууда. Малды жайуу чөптүн чыгышына түздөн түз же жер кыртышы аркылуу таасир этет, айрыкча интенсивдүү, баш аламан болгондо. Мындай көрүнүш тоют чөптөрүнүн азайуусуна, ал эми ото чөптөрдүн көбөйүсүнө, өсүмдүктөрдүн деградациясына, өндүрүмдүүлүгүнүн азайуусуна алып келүүдө [2].

Жалпы корутунду. Жайыт аянттарын туура эмес колдонуунун себебинен, жайыттардын өндүрүмдүүлүгү жана тоют чөптөрүнүн запастары азайууда, айылдарга жакын жайыттар малга толуп, жерлер такыр болууда. Алыскы жайыт жерлеринде тоют чөптөр жоголуп, алардын ордуна желбей, зыян келтире турган ото чөптөр жана уулу өсүмдүктөр каптап, бадалдануусу күчөдө. Зыян келтире турган, тикенектүү алтыгана бадалы көп орун алып, баалу, пайдалуу тоют өсүмдүктөрдү жоготууга шарт түзүүдө. Жайыттардын абалын жакшыртуу, атап айтканда жапайы бадалдарга (тоо боорундагы жана этектериндеги бадалдардан сырткары) каршы күрөшүү негизги маселе болуп эсептелет. Тоют базасын чыңдоо жана мал-чарбасынын өнүгүүсү баарынан мурда туура, сарамжалдуу колдонуудан жана өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуудан көз каранды. Жайыт жерлерин түп тамырынан бери жакшыртуу кийинки жылдардын эң негизги маселеси болуп келүүдө. Ошондуктан табигый жайыт экосистемасын сактоо маселеси – өлкөнүн социалдык жана экономикалык өнүгүшүнүн туруктуулугун сактап калуу. Жайыттардын негизги ресурсун өнүктүрүү үчүн мал жаюунун эрежелерин туура колдонуу негизги маселелердин бири болуп эсептелет.

Адабияттар:

1. Асанов К.А. Пастбища Казахстана - комплексное освоение. // Кормовые культуры. - 1992. - №1. - С. 37-46.
2. Бабаев А.Г. Опустынивание в странах Азии: оценка и меры борьбы. // А.Г. Бабаев, И.С. Зонн // Проблемы освоения пустынь. - 2003. - №2. - С. 10-15.
3. Горбунова Н.В. Роды карагана и калофака из семейства бобовых Киргизии. - Фрунзе: Издательство «Илим», 1987. - 253 с.
4. Zhang K. Zhao K. Afforestation for sand fixation in China. J. of arid environment. - 2011. Vol. 16. - №1. - P. 3-10.
5. Кренко Н.П. Факторы видообразования пастбищных растений. - М., 1940. - 215с.
6. Рыспеков Т.Р. Сукцессионные процессы восстановления ландшафтов Республики Казахстан. LAPLAMBERT Academic publishing. - Германия, 2012. - 92 с.
7. Тебердиев Д.М., Котельникова О.Н. Система использования культурных пастбищ для ремонтного молодняка в Центральном Нечерноземье. / Сбор. трудов Приемы создания и использования высокопродуктивных сенокосов и пастбищ. - М., 1986. - Вып. 34. - С. 173-177.
8. Евсеев В.И. Пастбища Юга-востока. - Оренбург: Чкаловское изд-во, 1980. - 262 с.
9. Карагана – энциклопедия декоративных садовых растений http://flower.onego.ru/kustar/caragana.html.
10. http://www.ecology.gov.kg/news/view/id/167.
11. https://www.vb.kg/doc/374300_pastbisha_kr_atakyet_koluchiy_sorniak._minselhoz_obiasnil_sityaciu.html.